К.Тиленбаев атындагы
№15 орто мектеби




# Тарбиялык саат

**Тема:** **Түбөлүккө желбирей бер, эгемендик желеги**



**Мугалим:** **Жолуев К**

# «ТҮБӨЛҮККӨ ЖЕЛБИРЕЙ БЕР, ЭГЕМЕНДИК ЖЕЛЕГИ» (5-9-КЛАССТАР ҮЧҮН)



Сабактагы негизги иш-аракеттер:

1. Мекенибиздин кылым карыткан тарыхынан кыскача аңгеме угушат;
2. Эгемендүүлүк мезгилиндеги өзгөрүүлөрдү эске түшүрүп, аларды талдашат;
3. Мамлекетибиздин символдору, элибиздин улут аралык достугу, ынтымагы, тууралуу ойлорун ортого салышат.
4. Мекен тууралуу ырларды айтып, ырдашат.



Сабактын негизги идеясы: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгын ишке ашырууда элдин, жердин тарыхын окуп-үйрөнүү менен Мекенге болгон сүйүү артып, улут аралык достук чыңалаарын окуучуларга түшүндүрүү.

Сабактын жүрүшү:

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучулардын ишмердүүлүгү | Убакыт |
|---|---|---|---|
| **1. Уюштуруу:** | Кутмандуу күнүңөр менен ардактуу менин окуучуларым. Мен силер менен кайрадан көрүшкөнүмө өтө кубанычтамын. Баарыңарды жаңы окуу жылынын ачылышы менен куттуктайм. Биздин бүгүнкү билим күнүндөгү биринчи сабагыбыздын темасы Кыргыз Республикабыздын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына арналып: “Түбөлүккө желбирей бер, Эгемендик желеги” деп аталат. | *Көңүлдөрү ачык, кунт коюп отурушат.* | 1 мин. |
| **2. Жакшы маанай тартуулоо:** | Балдар, сабактын алдында ар бириңер бүгүнкү күн жөнүндө бирден жакшы сөз айткылачы.<br><br>Ушундай жакшы сөздөрдүн баары силерге жугумдуу болсун. | Күн ачык, шаңдуу, майрам, көптөн күттүргөн....<br><br>*Окуучулар өз ойлорун айтышат.* | 1 мин. |
| **3. Кыргыз Республикасынын Гимни жаңырат.** | *Видео коюп берет.* | *Орундарынан туруп, оң колун жүрөгүнүн тушуна коюп, видео менен чогуу ырдашат.* | 2 мин. |
| 4.**Акыл чабуулу** | Рахмат, балдар. Орундарыңарга отургула. Менин силерге темабызга киришээрден мурун алгачкы суроолорум бар. Алар:<br>1. Гимн ырдалып жатканда, эмне үчүн орундарыңардан турдуңар?<br>2. Эмнеге колуңарды көкүрөккө алдыңар?<br>3. Дагы кандай мамлекеттик символикаларды билесиңер? | *Окуучулардын жооптору, ар түрдүү ойлору угулат жана жыйынтыкталат.* | 3 мин. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 4. Дагы Мекенибиздин эмнелери силерди толкундата алат? | | |
| 5. **Бүгүнкү сабактын максатын ачуу.** | Туура, балдар, Гимн, герб, туу - бул ар бир мамлекеттин символикалары. Кыргыз Республикабыздын дагы өз символикалары бар. Алар биздин мамлекетибизди дүйнөдөгү бардык мамлекеттердин катарында бар экенибизди билдирет. Ал эми кең пейил калкыбыз, жайык төр жерибиз дүйнөдөгү бардык элди Мекенибизге чакырып, батырып, конок катары да, кошуна катары да, бир тууган катары да ынтымакта жашап келет. | *Окуучулардын ойлору бекемделет.* | 1 мин. |
| 6. **Жаңы маалыматка киришүү.** | Кыргыздар Борбордук Азиянын байыркы элдеринин катарына кирет. Кыргыздар жана алардын ээлик кылган жерлери туурасында байыркы эскерүүлөр биздин доорго чейинки 209-201-жылдарга кирет. Кыргыз мамлекети жөнүндө маалыматтар негизинен Орхон суусундагы байыркы «орхон» жазууларында бир нече ирет эскерилген. Эркиндик, эгемендик- бардык элдер сыяктуу эле кыргыз элинин дагы эңсөөсү болгон. Эгемендик. Кандай гана жылуу, бийик, касиеттүү сөз. Ага жетүү үчүн канчалаган эл курман болуп, кыйынчылыктарды баштан кечирген. Мен силерге эгемендик жөнүндө ыр саптарынан окуп берейин. | *Кунт коюп отурушат.* | 1 мин. |
| | Д.Мамбетөмүров<br>“Мен кыргызмын”<br>Мен кыргызмын,<br>Ата-бабам Ала Тоону жердеген. | *Окуучулар берилген суроо боюнча ойлонушат, ойлорун так, туура айтууга аракеттенишет.* | 1,30 мин. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Ач көз далай көзүн артып,<br>Алышкандар жеңбеген.<br>Муундардан-муундарга,<br>Кылымдардан-кылымдарга.<br>Ата-бабам мурас кылган,<br>Ала Тоосун дембе-дем.<br>Келгиле балдар, бул саптардан эмнени түшүнгөнүңөрдү айтып бергилечи, ким кандай түшүндү? Оюңарды айткылачы. | | |
| 7. **Лекциянын уландысы** | 1917-1991-жылдардын ортосунда Кыргызстан Совет мамлекетинин курамына кирип, суверендүү мамлекет катары өмүр сүргөн. 1991-жылы СССР тарагандан кийин, 31-августта Кыргыз ССРи өзүн көз карандысыз эгемендүү мамлекет катары жарыялап - Кыргызстан Республикасы, ал эми 1993-ж. бери - Кыргыз Республикасы деп аталып келүүдө. Республиканын борбору - Фрунзе шаары Бишкек шаары болуп кайрадан аталды. Мамлекеттик тил болуп кыргыз тили саналат, орус тилине расмий статус берилген. | *Окуучулар эстерине сактайт. Жазып алууга аракеттенишет.* | 1 мин. |
| | Көз карандысыздыктын калыптануу жылдарында республикабыз көптөгөн ийгиликтерге жетишти жана эркиндик, биримдик, туруктуулук сыяктуу баалуулуктардын маңызын түшүнүп, баалай алдык. Ушул эркиндик алган 30 жыл ичинде Кыргызстан дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен толук кандуу байланыш түзүп, өзүн көргөзө алды. Азыркы күндө республикабыз 90дон ашык социалдык, экологиялык, экономикалык тармактагы уюмдар менен иштешүүдө жана алар экономикалык өнүгүүгө, ден соолуктун чыңдалуу, спорт, маданият тармактарынын | *Проектордон көрүнгөн слайдга көңүл бөлүшөт жана керектүү деген жаңы маалыматтарды жазып алууга аракеттенишет.* | 1,30 мин. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өнүгүшүнө зор салым кошууда. Булардын өнүгүшүнө албетте республикабыздын ынтымакка ширелген көп улуттуу калкынын салымы зор. | | |
| 8. Бышыктоо | Эми балдар, силер өзүңөр да Кыргыз Республикасынын эгемендик жылдарындагы жетишкендиктери жөнүндө эмнелерди билээриңерди айтып бергилечи? Мен силердин убактыңарды баалап, байкаганыңардай, 3 топко бөлүп отургузган элем. Ар бир топтун столунда мамлекеттик символикалары турат. Ал командаңардын аты эмес, бирок тапшырмалар символдорго байланышат. Аны силер тапшырманы аткарып, чын-төгүнүн тактайсыңар. Ал үчүн силерге 5 мин. убакыт берилет. | *Парталардагы даярдалган материалдарга көңүл бурушат.* | 1 мин. |
| | 1-топтун столунда Мамлекетибиздин туусу турат. Туу албетте дайым алдыда жүрөт жана ыйык жерде, бийик жерде сакталат. Туу жыгылса, албетте мамлекет жыгылат. Ошондуктан тууну дайыма элибиздин чыгаан эр-азаматтары бийик көтөрүп, сактап келишүүдө. Тапшырма “Туу көтөргөн эр-азаматтар” деп аталат. Партадагы концептуалдык картага мамлекетибиздин эгемендик жылдарындагы силер билген эр-азаматтарын жазгыла. Картаны дагы кеңейтип, өзгөртүп жазсаңар болот. |   | 7 минут |
| | 2-топтун столунда Мамлекетибиздин герби турат. Мамлекетибиздин гербинен силер жогоруда айткандай, биз ар түрдүү маалыматтарды алабыз э? Алар: түзүлүшү, экономикасы, маданияты, байлыгы, кыялы... Ошондуктан 2-топтун тапшырмасы: “Эгемендиктин жетишкендиктери”. Кандай ийгиликтерди көрө алдыңар? Партадагы сүрөттөрдүн |   | |

| | | |
|---|---|---|
| | эгемендүүлүк мезгилине тиешелүүлөрүн тандап, кластерге жармаштыргыла жана ал жөнүндө айтып бергиле. | |
| | 3-топтун астында Мамлекетибиздин урааны- Гимндин тексти жатат. Аны биз дайыма туу менен кошо ырдайбыз. Ар бир жакшы ишибиз, ар бир жеңишибиз ушул ураандын астында башталып, ушул ураан менен бекемделет. Силерге тапшырма: “Мамлекетибизди, эгемендүүлүгүбүздү даңктаган ыр саптары” деп аталат. Эсинерге сакталган, көөдөнүңөргө жакын ыр саптарынан айтып, же ырдап бергилечи. Мен силерге багыт катары атайын ыр саптарынын тексттерин келтиргем. Багыт катары пайдалансаңар болот. | Эгемендүү өлкө болдук,<br>Желбиреди биздин байрак<br>Жер жүзүнө маалым болдук,<br>Эркиндик деп,<br>Демократия деп,<br>Элден мурда аалым болдук<br><br>Кыргызстан- жашыл жери,<br>жашыл бакча жергеси,<br>Жайыт төрү, дан талаасы, кен байлыктын ээси<br>Кен казнасы, көл сулуусу,<br>тунук суунун атасы,<br>Ак пейилдин, мартчылык,<br>ырыскынын кемеси<br><br>Кыргызстан соолук айылы,<br>талантардын ишиги, тунук<br>акыл чебер колдун түгөнбөс<br>кесиби.<br>Заманына, өз калкына ой-<br>пикири [illegible],<br>Кыргызстан-ыр [illegible]<br>ыракаттын [illegible].<br><br>М.Атабековдун “Мурас” ыры<br>Айтканым гана эй,<br>Атадан гана калган мурасты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жаңырып заман эй,<br>Жаңы муун баба салтын улантты.<br>Намысын бийик сактаган эл,<br>Добушун угуп тыңдап жүрөктүн.<br>Кадырын туюп бaрктанам мен,<br>Эч тарыхтан өчбөй жыл өтсүн.<br>Кайратындан жанбааган,<br>Калың элди барктаган.<br>Эгемендикти энчилеп,<br>Өмүрүн берген бизге<br>Канча адам ээй ний ий ий<br>Аай ий ний ий ий.<br>Ташта изи калган кыргызымдын.<br>Бириң кетип алыска,<br>Бириң жетип жылдызга,<br>Бириң жарап намыска.<br>Бир бириңден талашпа.<br>Арнагам гана эй,<br>Жериме чындап өчпөс эмгекти.<br>Баатырлар гана эй,<br>Байыртан буруп тынчтык элдешти. Намысын бийик сактаган эл,<br>Добушун угуп тыңдап жүрөктүн.<br>Кадырын туюп барктанам мен,<br>Эч тарыхтан өчбөй жыл өтсүн. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кайратындан жанбааган,<br>Калың элди барктаган.<br>Эгемендикти энчилеп,<br>Өмүрүн берген бизге<br>Канча адам ээй иий ий ий<br>Аай ий иий ий ий .<br>Ташта изи калган кыргызымдын.<br>Бирин кетип алыска,<br>Бирин жетип жылдызга.<br>Бирин жарап намыска,<br>Бир биринден талашпа.<br>Ээй ий ий иййййй<br>Эй ий ий иййййй<br>Аа ий ий ий иййййй.<br>*Барактардагы тексттерге кошумча өз билген саптарын кошушат.* | |
| | *Мугалим кошумчалайт, мотивациялайт.* | *Ар бир топ өз иштерин жактап беришет.* | 7 мин. |
| 9. Сабактын жыйынтыгы: | Азаматсыңар, балдар. Мен силердин оюңарга, билимиңерге толук кошулам. Мамалекетибиз - Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына арналган бул окуу жылында бул билимдерибизди андан ары дагы бекемдеп, толуктайбыз деген ойду айткым келет. Эң негизгиси, Мамлекетибиздин эгемендүүлүгү, эркиндиги, көз карандысыздыгы - элибиздин, анын ичинде биздин, силердин башкы байлыгыбыз экендигин унутпайлы. Биз Кыргызстандын келечегибиз , ошондуктан өзүбүздүн тилибизди, дилибизди, Манас атабызды | *Окуучулар көтөрүңкү маанайда угушат.* | 1 мин. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | унутпай, эркиндигибизди да көз карегиндей сактап, урпактарга берели. | | |
| **10. Рефлексия** | 1. Бүгүнкү сабак эмнеси менен кызыктуу болду?<br>2. Сен сабактан кызыктуу болду?<br>3. Сен сабактан кызыктуу маалымат ала алдыңбы?<br>Сен сабактан жаңы билимдерге ээ болдуңбу?<br>4......<br>Азаматсыңар, балдар. Силердин бүгүнкү сабактагы жетишкендигиңерди бекемдеп, баарыбыз "Алга, Кыргызстанды" ырдайлы. | *Окуучулар сабактын өтүшү тууралуу ойлорун айтышат.* | 1,30 мин. |
| **11. Азиз Батыров "Алга, Кыргызстан" обондуу ыры жаңырат.** | Ала Тоо өлкөм-Кыргызстан,<br>Ажайып көркөм-Кыргызстан.<br>Укмуштун баары табылган,<br>Уютку чөлкөм-Кыргызстан.<br>Кыргызстан, демим-Кыргызстан,<br>Кылымдык кебим-Кыргызстан.<br>Беш күндүк өмүрүмдөгү,<br>Бейишим менин-Кыргызстан.<br><br>Кайырма:<br>Кыргызстан, алга, Кыргызстан!<br>Кыргызстан, жаша, Кыргызстан!<br>Сен гүлдөп өсө бересин,<br>Кыз уулуң барда, Кыргызстан!<br><br>Эх кандай кенен Кыргызстан,<br>Экинчи энем-Кыргызстан.<br>Туйлаган тулпар уулуңмун,<br>Туу кармап берем, Кыргызстан.<br>Кыргызстан, өсчү, Кыргызстан,<br>Кыйла алга көччү, Кыргызстан.<br>Ак калпак элим байырлап, | *Окуучулар кошулуп ырдашат.* | 3 мин. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Ансайын көрктүү-Кыргызстан.<br><br>Өзүнчө дүйнө-Кыргызстан,<br>Көрүнсүн көркүң жылдыздан.<br>Кубалап бакыт шаштырсын,<br>Кут даарып күндө Кыргызстан.<br>Кыргызстан, демим-Кыргызстан!<br>Кылымдык кебим-Кыргызстан!<br>Ала Тоо койнун ээлеген,<br>Эгемен элим-Кыргызстан! | | |
| | Ушул ноталар менен Кыргыз Республикабыздын көз карандысыздыгынын 30 жылдыгына арналган «Түбөлүккө желбирей бер, Эгемендик желеги» аттуу тарбиялык саатыбызды аяктайбыз. | | *1,30 мин.* |
| 12. Үй тапшырма | Ар бир окуучунун кызыгуусуна жараша "Эгемендүү Кыргызстан" деген темада<br><br>1. 40-50 сөздөн турган эссе жазып келүү;<br>2. Сүрөт тартуу;<br>3. Ыр чыгаруу.<br>Саламатта баргыла. | *Балдар тапшырманы дептерлерине жазып алышат* | |

Пайдаланылган булактар:


https://tekst-pesni.online/mirbek-atabekov-muras/

https://go.mail.ru/redir?type=sr&redir=eJzLKCkpKLbS18-
uLEqvrNJNLE3JzNdLzs_VT6zKrNJNSiypLMov003MSU_UhSgpLknM0zXSZ2AwNDOyNDY1MLEwYDj5w2prkv0uo3
OKKxcGRqjbAQA-VB62&src=3d10238&via_page=1&user_type=1d&oqid=472633f6fdf5c4a4